# Улуктун сыры



Автор: Нурайым Шаршенбаева

Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

# Улуктун сыры

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Улуктун сыры" (кыргыз тилинде), автор Нурайым Шаршенбаева, сүрөтчү Эржан Токтогулов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Улуктун үйүнө Касым менен Эрбол келди.

– Улук, жүрү футболго! – деди Касым.

– Бара албайм! – деди Улук.

– Кечээ да барбай койгонсуң. Жакында мелдеш болорун унуткан жоксунбу?

Эрбол таарына сүйлөдү.

– Унуткан жокмун! Эртең барам. Азыр бош эмесмин, жумушум бар.

Касым менен Эрбол Улуктун эки күндөн бери футбол ойногону барбай жатканына таң калышты.

Улук эртеси сабак аяктар менен досторун күтпөстөн үйүнө шашты.

– Улук, бизди күтө тур! Классты тазалап коюп чогуу кетели!

Эрбол чаңды сүртүп жатып Улуктун артынан кыйкырып калды.

– Силер шашпай келе бергиле! – деди да Улук шашып чыгып кетти.





Таң калган достор футболго барбай жаткан себебин билүү үчүн, Улуктун үйүнө келишти. Достор келген маалда, ал футболго барууга даяр туруптур.

– Кеттик, балдар! – деди дароо.

– Улук, коё турсаң! Футболго да барбай калдың. Мектептен да үйүңө шашып кеттиң. Бизден эмнени жашырып жатасың?

– Жашыра турган эч нерсе жок. Жөн гана көптөн бери кызыгып жүргөн бир нерсени жасадым.

– Ал эмне? Бизге деле көрсөтчү.

Достор Улукту суроолуу караштЫ.





Улук үйүнө кирип, бир нерсени колуна аярлай кармап чыкты. Ал кара-көк түскө боёлгон картон экен. Анын үстү жалтырак, күмүш түстөгү боёктор менен кооздолуптур. Картонго ар түрдүү көлөмдөгү жана ар кандай түстөгү шарикчелерди бекитип коюптур. Ортосундагы шар баарынан чоң экен. Күндүн нурундай желекчелери сары түскө боёлуптур.

– Ай-иий! Күн системасы го!

– Сонун экен! Муну кантип жасадың?

Достор Улуктун колундагы макетке абдан кызыгуу, суктануу менен карап калышты.

– Оңой эле... Муну жасаганга картон, газета, кадимки шарлар, түрдүү боёктор, желим керек болду. Ар бирин өз-өзүнчө жасап, кургаганча күтүп, боёп чыкканча үч күн кетти.


– А шарларды эмне кылдың? Бул жерде жок го?


Күн сиситемасынын макетин кызыгуу менен карап, шарлардын каякка катылганын таппай калышты.

– Шарларды жарып таштагам.

– Жарып салган соң, эмнеге аны колдондум деп жатасың?

– Сегиз шардын ар бирин ар кандай көлөмдө үйлөп алдым. Газетаны үч кат кылып чаптадым. Кургаган соң, ичиндеги шарды акырын жарып салдым. Ошондо ичи бош калса да, өз формаларын бузбай сактап калат экен. Планеталар ар кандай көлөмдө болгондуктан, ар башка формада жасадым.






– Ай-ийй! Кыйын элесиң, ээ! Ойлонуп жакшы жасаптырсың.

– Планеталар жөнүндө маалыматты кайдан алдың? Айтып бербейсиңби.

– Макул! Сабактан тышкары көп маалыматты интернеттен окугам.

Ортодогу – Күн. Булар – Марс, Сатурн, Венера, Нептун, Уран, Меркурий планеталары. Шакекчеси бар – Юпитер. А бул – биздин Жер. Мурда Плутонду да планетага кошушчу экен. Азыр окумуштуулар анын планета эмес экенин далилдешти. Ошондуктан аны кошкон жокмун.

– Плутонду эмне себептен планета эмес деп жатышат?

– Планетанын белгилери болот. Ар бир планета Күндү тегеренип турушу керек. Планета башка бир планетанын спутниги боло албайт.

Өзүнүн айланасын ааламдык телолордон тазалап туруш керек. Башка телолордон айырмаланып көлөмдүү болушат. Ушул белгилердин бири жок болсо эле, аны планета дегенге болбойт экен.

– Ошондо Плутондо кайсы белги жок экен?

– Ал көлөмү боюнча өзүнүн айланасындагы Перери жана Эрида деген телолор менен тең экен. Ошондуктан Күн системасындагы планеталарга кошула албай калды.

Улук өзү жасаган макетин досторуна көргөзүп, билгендерин айтып бергенине сыймыктанып жатты.




– Күн системасындагы эң чоң планеталар гигант планеталар деп аталат. Алар – Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун. Курамында газ жана муз бар. Ошондуктан буларды чоңураак кылып жасадым. Булардын курамында газ жана муз бар. Меркурий, Венера, Жер жана Марс кичирээк, алар минерал жана металлдардан турат. А Жерди океан планета деп коюшат. Себеби көпчүлүк бөлүгүн суу ээлейт. Суу болгону үчүн Жерде жашоо бар. Мурда Марста да жашоо бар деп айтылчу. Азыр анын баары жалган деп жатышат. Жердин жалгыз спутниги Ай экенин билесиңер да. Мына минтип Айды да жасап койгом.

Достор ар бир планетанын кантип жасалганын кызыгуу менен карап жатышты.

– Күнчү? Күн жөнүндө деле айтып берчи, – деди Эрбол.

– “Мекен таануу” сабагынан өтпөдүк беле. Унутуп койдуңбу?

Экөө жарыша жооп беришти.



Касым Эрболду жактырбай карап калды.

– Унуткан жокмун. Улуктун айтып бергени кызыктуу болуп жатпайбы.

Эрбол желкесин тырмап койду. Улук досторун күлө карады.

– Күн эң чоң жылдыз экени эсиңерде да.

– Албетте!

– Күн башка жылдыздардан эң жарык болгону менен айырмаланат. Жерден 110 эсе чоң. Температурасы 5700 градустан ашат. Салмагы бардык планеталардын салмагын кошкондон да миң эсе көп. Күндүн жылуулугу жана жарыгы тийген үчүн Жерде жашоо бар.

– Ушунун баарын кантип эстеп жүрөсүң?


– Мен астрономияга абдан кызыга баштадым. Интернет, китептерден көп кызыктуу маалыматтарды тапса болот. Апам планеталар жөнүндөгү китептерди алып келип берет, – деди кубанып.

– Ошол китептерди мага да берип турчу, – деди Эрбол абдан кызыгып калганын жашырбай.

– Чогуу эле окубайлыбы! – деди Касым.

– Жылдыздарды караган телескоп болсо, ээ? Балким, дагы башка планеталарды таап алмакпыз.

Достор асманды кыялдана караштык…



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли